"Алтынкендин" айдыңынан

# «Алтынкен» компаниясы Кемин районундагы коомдук турмуштун активдүү катышуучусу

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, «Кыргыз Туусу»

**«Алтынкен» компаниясы Талды-Булак Сол жээк алтын кенин иштетип жаткандан бери Кемин районунун коомдук турмушуна активдүү катышып келет.**

Компания мүмкүнчүлүккө жараша Кемин районунун бардык калкына жардам көрсөтүп келгенин коомчулук да жакшы билет. Айрыкча, турмуштук оор кырдаалда калган адамдар, кырсыктаган же катуу ооруган жарандарга, жетим-жесирлерге, аз камсыз болгон үй-бүлөлөр өзгөчө орунду ээлейт.

Мындан сырткары, компания жардамга муктаж болгон жергиликтүү мекеме ишканаларга, ички жолдорду оңдоого, ошондой эле атайын жабдуулар керек болгон суроо-талаптарга жакындан жардамын берип келет.

Маселен, жакында эле Кемин шаарынын мэриясына көп кабаттуу үйлөрдүн чатырын жабуу үчүн курулуш материалдарын көтөрүүгө жардам көрсөттү.

Ишкананын тажрыйбалуу кранчылары атайын техникаларды пайдалануу менен Кемин кичи районундагы турак үйлөрдүн чатырына 1000ден ашык шифер жана курулуш материалдарын көтөрүү милдетин аткарып, алмаштырып беришти.

Албетте, Кемин районунун жергиликтүү калкынын майрамдары бар, аларды уюштурууга «Алтынкен» компаниясы дайыма жардам берүүгө аракет кылат.

Айталы, 2023-жылдын 14-октябрында Жаңы-Алыш айылынын тургундары айылдын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата салтанаттуу иш-чараларды өткөрүштү.

Жаңы-Алыш айылындагы маданият үйүнүн жанындагы кооздолгон аянт, жарашыктуу боз үйлөр аба ырайынын бүркөк болгонуна карабастан, айыл тургундарынын майрамдык маанайын көтөрүп, атайын уюштурулган концерттик программалар тартууланды.

Ардактуу меймандардын арасында "Алтынкен" компаниясынын башкы директору Вэнь Яфэн баштаган өкүлдөр дагы болушту.

Ал куттуктоо сөзүндө Жаңы-Алыш айылынын тургундарынын ишкананын түптөлүшүндө жана өнүгүшүндө өзгөчө орду бар экенин баса белгилеп, тургундарга бекем ден соолук, айылдын мындан аркы гүлдөп өсүшүн каалады.

Компаниянын жетекчилиги «Алтынкен» компаниясы дагы жергиликтүү коомчулуктун толук кандуу мүчөсү катары Кемин районунун тургундарынын жыргалчылыгы үчүн коомдук турмушуна жигердүү катыша берет деп ишендирүүдө.















